КР борбордук шайлоо комиссиясынын төрайымы

Шайлдабекова Нуржан Кармабековнага,

Копиясы: Ысык –Көл областынын Ак-Суу райондук аймактык шайлоо комиссиясына

Отрадное айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарынан

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 02-10/168
« 04 » 03 2018 ж/г.

Кайрылуу

Биздин сиздерге кайрылгандыгыбыздын себеби, 2019жылдын 15 февралында Отрадное айылдык кеңешинин 27 чакырылышынын 20 сессиясынын учурунда Касымбеков У. жана Кулетов Э. бул күн тартибине макул эмеспиз, катышпайбыз деп, бюджет бекилишине келген элди четке кагып, өз кызыкчылыктарын көздөп сессиядан чыгып кетишти.(акт тиркелет). Кулетов Э. депутаттык этиканы сактабай сессиянын өтүшүнө тоскоолдук жаратып, протокол жазып жаткан жоопту катчыны алгады кылып, улам улам эшике чакырып, чогулган элдерди сыйлабай жоопту катчыга келип шыбырашып экөө, төраганын эскертkenине карабай ишке тоскоолдук жаратышты.

Касымбеков У. менен Кулетов Э. биринчи жолку жоруктары эмес, Кулетов Э. төрага Максютов Карыпка аброюна шек келтирген сөздөрдү айтканына баарыбыз күбө болдук, тактап айтканда: «атаңдан калган кызматпы» деп адамдын жеке чөйрөсүнө киришип, адам укуктарын бузуу менен, төраганы сыйлабастыгын көрсөттү.

Дагы айта кетчү жагдай Кулетов Эрмек 2018 жылдын 23 апрелинде болгон айыл өкмөт башчысынын шайлоосунда да Сагындыкова Салтанатка адам укугун бузуучу сөздөр менен тилдеп, өз кызыкчылыгын көздөп, депуттаттык мандатын кыянаттык менен пайдаланганына күбө болгонбуз. (кайрылуу тиркелет)

Ошол себептен депутат Касымбеков У. менен Кулетов Э.ге чара көрүп берүүңүздөрдү суранабыз

Сиздерди урматтоо менен!

Депуттатар:

Максютов Т.

Каленов О.

Токтогулов Б.

Абдыкермов К.

Молдобаев А.

Кармышаков С.

Аксакалдар сотунун төр агасы: Осмоналиев А.А.

Мектептин директору:

Фермер: Байкеев.

фермер. Таболдиев Б

ФАП Асаналиева.

КР Акыйкатчысы К.Т.Оторбаевга,
Ысык-Көл аймактык ыйгарым укуктуу Акыйкатчысы Ө.Ш.Тамаевга

Ысык-Көл областынын, Ак-Суу районуна караштуу
Отрадное айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын атынан

**Кайрылуу каты**

Урматуу Кубатбек Табылдиевич, сизге кайрылуубуздун себеби Үстүбүздөгү жылдын апрель айынын 23-күнү, Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районуна караштуу Отрадное айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо болуп өттү. Бул шайлоо мыйзамда көрсөтүлгөндөй тартипте, Аймактык Шайлоо Комиссиясынын катышуусунда, мыйзамдын негизинде, таза так өтүп, шайлоодо 6 (алты) добушка ээ болуу менен эки кандидаттын бири Сагындыкова Салтанат жеңишке ээ болду. Анын атаандашы депутат Кулетов Эрмек болгону 4(төрт) добуш ала алды (катка АШК протоколу тиркелди).

Бирок, шайлоонун жыйынтыгына наразы болгон жергиликтүү кеңештин депутаты Кулетов Эрмек адамдын конституциялык укуктарын сыйлабастан «Бизди эми катын башкарат», элдерге «Эркектер юбка кийгиле», «Катын башчы боло албайт» деген одоно сөздөрдү айтып, «100 күндө алып түшөм» «Өлүмгө баратасын» деп талапкер Сагындыкова Салтанатты коркутууларына биз депутаттар бүгүнкү күнү баарыбыз күбө болуудабыз.

Урматуу Кубатбек Табылдиевич, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта да аялдарга өзгөчө көңүл бурула тургандыгы, гендердик саясаттын болушу, аял менен эркектин укугу бирдей экендиги, ушул мыйзамдарды сактабай, аялдын укугун тебелөө, аялды коркутуу, зомбулук көрсөтүүгө даярдыктарга мыйзам жол бербеши керек!!! Жогорудагы коркутуулар боюнча жана шайлоо алдындагы кысым көрсөтүүлөр боюнча биз КР Акыйкатчысынан Салтанат Сагындыкованын жарандык укутарын коргоо менен Кулетов Эрмекке карата мыйзам чегинде чара көрүлүүсүн суранып жана талап кылабыз!!!

Ысык-Көл областынын Ак-Суу районуна караштуу
Отрадное Айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттары:

Максютов К.
Каленов О.
Токтогулов Б.
Абдыкеримов К.
Молдобаев А.
Закиряев А.